деңгээлден мыйзамдыкка көтөрүп, аны ишке ашыруудагы уюштуруучулук-укуктук маселелерди жогорку өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруучу орган болуп саналган Жогорку Кеңеш аркылуу чечүү зарыл деп эсептейбиз. Ошону менен эле бирге, каралып жаткан реформаны ишке ашыруу мезгилдин талабы экендигин да белгилегибиз келет.

**Колдонулган адабияттар**


1. Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү жөнүндө: Кыргыз Республикасынын Мыйзамы 2008-жылдын 25-апрели №65.
2. Гарбузарова Е.Г. Проблемы реализации административно-территориальной реформы в Киргизии // Реформы конца XX – начала XXI в. на постсоветском пространстве: региональный аспект: сборник научных статей. – Владивосток: Федеральное государственное бюджетное учреждение науки «Институт истории, археологии и этнографии народов Дальнего Востока» Дальневосточного отделения Российской академии наук, 2020, с. 37-45.
3. Шадыбеков К.Б. Административно-территориальная реформа в Кыргызской Республике: концептуально-правовые подходы реформирования // Вестник Воронежского государственного университета. Серия: Право, 2018, № 4(35), с. 55-66.
4. Кыргыз Республикасындагы административдик-аймактык реформанын негиздери (окуу-практикалык колдонмо). – Бишкек, 2023, 179 б.
5. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. 2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен колдонуугa киргизилди).
6. Урматова А.Д., Калчороева Ж.Н. Чет өлкөлөрдөгү муниципалдык моделдердин салыштырма укуктук анализи // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), 138-140-б.



УДК 329.055 (575.2) (04)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-136-141



**Канатбекова А.К.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Канатбекова А.К.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Kanatbekova A.K.**
KNU named after J. Balasagun


# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН АДАМДЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК УКУКТАРЫН ЖАНА ЭРКИНДИКТЕРИН КАМСЫЗ КЫЛУУ БОЮНЧА ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ
# ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ЖОГОРКУ КЕНЕША КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ПО ОБЕСПЕЧЕНИЮ КОНСТИТУЦИОННЫХ ПРАВ И СВОБОД ЧЕЛОВЕКА
# ACTIVITIES OF THE JOGORKU KENESH OF THE KYRGYZ REPUBLICTO ENSURE CONSTITUTIONAL HUMAN RIGHTS AND FREEDOMS

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада парламент тарабынан адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу маселеси каралат. Адам, анын укуктары жана эркиндиктери дүйнөнүн дээрлик бардык мамлекеттеринде башкы баалуулук катарында каралып, алардын тутуму жана кепилдиктери конституцияларында бекитилген. Кыргызстан дагы бул маселеде дүйнө өлкөлөрүнөн артта калбагандыгы белгиленет. Эл тарабынан шайланган жана биринчи кезекте элдин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого багытталган бийлик органы катары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча ишмердүүлүгү жана андагы бар болгон көйгөйлөр талдоого алынып, бул ишти жакшыртуу боюнча бир катар сунуштар айтылат.

**Аннотация:** В статье рассматривается вопрос обеспечения конституционных прав и свобод человека парламентом. Практически во всех государствах мира человек, его права и свободы являются главной ценностью, а их система и гарантии имеют конституционное закрепление. В данном процессе Кыргызстан также не отстает от других стран мира. Анализируется деятельность Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по обеспечению конституционных прав и свобод человека как органа государственной власти, избираемого народом и направленного, в первую очередь, на защиту прав и законных интересов народа. Рассматриваются выявленные проблемы и дается ряд рекомендаций по совершенствованию данной деятельности.

**Abstract:** The article discusses the issue of ensuring constitutional human rights and freedoms. In almost all states of the world, a person, his rights and freedoms are the main value, and their system and guarantees are constitutionally enshrined. In this process, Kyrgyzstan also does not lag behind other countries of the world. The activity of the Jogorku Kenesh of the Kyrgyz Republic in ensuring the constitutional rights and freedoms of man as a body of state power elected by the people and aimed, first of all, at protecting the rights and legitimate interests of the people, as well as the problems existing in it, is analyzed and a number of recommendations are given for improving this activity.

**Негизги сөздөр:** Кыргыз Республикасы; Жогорку Кеңеш; парламент; Конституция; адам; укуктар жана эркиндиктер.

**Ключевые слова:** Кыргызская Республика; Жогорку Кенеш; парламент; Конституция; человек; права и свободы.

**Keywords:** Kyrgyz Republic; Jogorku Kenesh; parliament; Constitution; human; rights and freedoms.

Азыркы учурда адамдын укуктары жана эркиндиктери жалпы дүйнөлүк мааниге ээ болгон баалуулукка айланды, алардын корголгондугунун деңгээли тигил же бул мамлекеттин укуктук өнүгүүсүнүн көрсөткүчү болуп калды. Инсан үчүн укуктар менен эркиндиктер – бул татыктуу жана эркин жашоонун шарты, өзү мүчө болгон коомдун уюштурулушунун жана башкарылышынын маселелерин чечүүгө катышуунун мүмкүнчүлүгү, анын эң маанилүү материалдык жана руханий керектөөлөрүн канааттандыруунун экономикалык жана социалдык өбөлгөсү [1, 50-б.].

Заманбап дүйнөлүк коомчулуктун тең укуктуу мүчөсү катары демократиялык жана укуктук мамлекетти курууга бет алган Кыргыз Республикасы дагы адамдын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууну өзүнүн артыкчылыктуу милдети катары белгилеп, алардын

маанилүүлүгүн баш мыйзамында так көрсөткөн. Маселен, өлкөнүн Конституциясы боюнча Кыргызстанда адамдын укуктары менен эркиндиктери жогорку баалуулук болуп саналат. Алар бардык мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, ошондой эле алардын кызмат адамдарынын ишмердүүлүктөрүнүн маанисин жана мазмунун аныктайт (23-берененин жоболору) [2].

Демек, келтирилген конституциялык жобого ылайык, Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын бардыгы адамдын баш мыйзамда белгиленген укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылууга милдеттүү деп корутундулоого болот. Ал эми Конституциянын 1-беренесинде элдин атынан Кыргыз Республикасынын Президенти жана парламенти гана чыгууга укуктуу экендигин эске алганда, өлкөнүн жогорку өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруучу органы – Жогорку Кеңештин каралып жаткан тармактагы ишмердүүлүгүн илимий анализге алуу маселеси учурда абдан актуалдуу деп эсептейбиз.

Ата-мекендик парламент – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши ыйгарым укуктардын жалпы дүйнөлүк парламенттик тажрыйбада бекем орун алган үчилтигин – мыйзам чыгарууну, көзөмөлдөөнү жана өкүлчүлүк кылууну жүзөгө ашырат. Андыктан, анын адамдын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча ишмердүүлүгүн ыйгарым укуктарынын көрсөтүлгөн үчилтиги аркылуу ачыктоо максаттуу болот.

Адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча Жогорку Кеңештин ишин уюштуруу элдик өкүлчүлүк органынын ишинин негизги формалары менен байланыштуу. Кыргыз парламентинин негизги ченемдик акты болгон Регламентке ылайык, бул формаларга төмөнкүлөр кирет: депутаттык бирикмелердин ишмердүүлүгү (3-глава); комитеттердин жана комиссиялардын ишмердүүлүгү (5-глава); Жогорку Кеңештин отурумдары (6-глава); парламенттик угуулар (21-глава); шайлоочулар менен иштөө (31-глава) [3]. Парламенттин иштөөсүнүн бардык орнотулган формалары олуттуу деңгээлде адамдын баш мыйзамда каралган укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга багытталган.

Ошол эле маалда, каралып жаткан камсыз кылуунун натыйжалуулугу Жогорку Кеңештин иштөөсүнүн тийиштүү уюштуруучулук формаларын толук кандуу ишке ашыруудан көз каранды болот. Тактап айтканда, өкүлчүлүктүү орган катары парламент өз ишмердүүлүгүнүн негизги формаларынын бардыгында ачык-айкындуулукту жана жарандар үчүн жеткиликтүүлүктү камсыздоого милдеттүү. Парламенттин өзүндө жана анын органдарында каралып жаткан маселелер, алар боюнча орун алган талкуулар коомчулуктун карамагында болуп туруусу абзел. Ал үчүн Жогорку Кеңештин “кайтарым байланыш” берүү каналдары кеңири жайылган болушу керек. Тилекке каршы, аталган маселеде парламенттин ишиндеги олуттуу боштуктарды байкоого болот. Бул болсо, өз кезегинде, мыйзам чыгаруучу жогорку орган тарабынан адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуудагы кемчиликтерге жол ачат.

Белгиленген көйгөйдү чечүүдө, биздин көз карашыбыз боюнча, жалпы дүйнөлүк технологиялык прогрессти эске алуу менен, Жогорку Кеңештин ишине заманбап санариптик технологияларды кеңири киргизүү зарыл. Парламенттик ишти санариптик трансформациялоонун маселелерин анализдеп чыккан ата-мекендик изилдөөчү А.Рахманов бул тармакта негизги эки багытты өнүктүрүүнү сунуштайт: парламенттин санариптик

инфратүзүмүн жакшыртуу [4, 47-б.] жана ченемдик-укуктук базаны “санариптештирүүгө” ылайык келтирүү [5, 17-б.]. Биз бул маселеде аталган автордун көз карашы менен макулбуз.

Жогорку Кеңештин өкүлчүлүктүү ыйгарым укуктарынын алкагында инсандын конституцияда каралган негизги укуктарын жана эркиндиктерин камсыздоо боюнча иш-аракеттер катары депутаттардын шайлоочуларды кабыл алуусун, алар менен жеринен барып иш алып баруусун, ошондой эле жалпы парламенттин, андагы депутаттык бирикмелердин жана өзүнчө эл өкүлдөрүнүн жер-жерлердеги коомдук кабылдамаларынын иштөөсүн атоого болот.

Адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча Жогорку Кеңештин ишин уюштурууда парламенттин туруктуу тармактык комитеттери жана убактылуу депутаттык комиссиялары чоң ролду ойношот. Тармактык комитет – бул парламенттин ыйгарым укуктарына таандык болгон маселелерди даярдоону жана алдын ала кароону, ошондой эле парламент кабыл алган мыйзамдардын жана чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруучу, 8ден кем эмес депутаттан түзүлүүчү парламенттик орган болсо, депутаттык комиссиялар – бул Жогорку Кеңештин карамагына кирген маселелер боюнча парламенттик иликтөө жүргүзүү үчүн белгиленген мөөнөткө түзүлүүчү жана курамы 7ден кем эмес депутаттан туруучу убактылуу парламенттик орган.

Жогорку Кеңештин Регламентинин 5-главасына ылайык, комитеттер жана комиссиялар өзүлөрүнүн карамагындагы маселелер боюнча коомдук пикирди жана иштин абалын аныктай алышат. Алар мамлекеттик органдардын жана башка уюмдардын жетекчилеринен документтерди жана материалдарды талап кылууга укуктуу (27 жана 31-беренелердин жоболору), алар инсандын тигил же бул конституциялык укуктарын камсыз кылууга тиешелүү мыйзам долбоорлорун толуктап иштеп чыгышат.

Адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу үчүн орус окумуштуусу С.А. Лихачевдун кеңештери актуалдуу болчудай. Аты аталган автор комитеттерди, биринчи кезекте, мыйзамдардын негизги тармактарына таянып түзүү, жана ошондой эле жалпы республикалык бирикмелердин өкүлдөрүнүн парламенттин бул бөлүмдөрүнүн отурумдарына катышуу укугун бекитүү максаттуу болот деп эсептейт [6, 78-б.]. Бул учурда комитеттер парламенттин мыйзам чыгаруу жана өкүлчүлүктүү функцияларына так багытталган болушат, а бул болсо жарандын жана адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу тармагындагы мыйзам чыгаруу органынын мүмкүнчүлүктөрүнө оң таасирин тийгизет.

Жогорку Кеңештин Регламентинин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, комитеттер Жогорку Кеңеште өткөрүлүүчү парламенттик угууларды уюштурушат. Парламенттик угуулардын жүрүшүндө, көпчүлүк учурларда, инсандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга тиешелүү маселелер каралат. Адатта, парламенттик угуулар коомчулуктун жана массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү үчүн ачык. Парламенттик угуулардын темасы, убактысы жана өткөрүлүүчү жайы тууралуу маалыматтар алдын ала маалымат булактарына берилет. Ачык парламенттик угуулардын кеңештери басылмаларда жарыяланса болот. Угууларга атайын чакырылгандар дагы катыша алышат.

В.Е. Чиркин, парламенттик угуулардын максаты – чоң коомдук маанидеги маселелерге коомчулуктун, мамлекеттик органдардын көңүлүн буруу деп белгилейт. Анын жүрүшүндө министрлер, башка мамлекеттик ишмерлер маалымат менен бөлүшүшөт, суроолор берилет, ага эксперттер, илимий мекемелердин өкүлдөрү тартылышат. Кандайдыр

бир милдеттүү чечимдер кабыл алынбайт, бирок кеңештер кабыл алынышы мүмкүн [7, 214-б.].

Ата-мекендик жогорку өкүлчүлүктүү жана мыйзам чыгаруу органындагы парламенттик угуулардын жол-жобосу “Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндөгү” Мыйзамдын 21-главасынын ченемдери менен жөнгө салынат. Аталган главанын 115-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, адамдын конституциялык укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин козгогон мыйзам долбоорлору боюнча милдеттүү түрдө парламенттик угуулар өткөрүлүшү керек. Алардын жыйынтыгы боюнча атайын сунуштамалар иштелип чыгат. Андыктан, бул парламенттик процедура дагы каралып жаткан тармактагы камсыз кылуу үчүн эбегейсиз зор мааниге ээ.

Белгилүү мөөнөткө түзүлүүчү убактылуу депутаттык комиссиялардын биз карап жаткан маселедеги ордо жана ролу алардын мыйзамда бекитилген негизги максаты менен тикелей байланыштуу – парламенттин карамагына кирген жана коом үчүн актуалдуулукка ээ болгон маселелер боюнча парламенттик иликтөө жүргүзүү. Мындай маселелер биринчи кезекте адам укуктарына тиешелүү болгондуктан, бул органдын иши дагы бүтүндөй парламенттин адамдын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылышына укуктук өбөлгөлөрдү түзөт.

Байкалып тургандай адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга багытталган Жогорку Кеңештин комитеттеринин ишмердүүлүктөрүндө борбордук орунду тийиштүү мыйзам долбоорлорун толуктап иштеп чыгуу ээлейт. Бирок, бул ыйгарым укукту ишке ашыруудан тышкары, жарандын жана адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу үчүн комитеттер тарабынан парламенттик угууларды уюштуруу олуттуу мааниге ээ, себеби алардын жыйынтыгы боюнча мыйзамдарды жакшыртууга болот. Андыктан, комитеттердин жана комиссиялардын ишин жакшыртуу маселеси дагы абдан актуалдуу жана кечиктирбестен ишке ашырууну талап кылат.

Ошону менен, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча ишмердүүлүгү анализдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот.

1. Жогорку Кеңештин иштөө формаларына ачык-айкындуулук мүнөздүү. Бул, өз кезегинде, анын ишмердүүлүгүндө адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга көмөктөшөт.

2. Парламенттин коомчулук менен байланышын жакшыртуу жана анын адамдын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуу боюнча ишин сапаттуу жаңы денгээлге көтөрүү үчүн заманбап санариптик технологияларды колдонууну күчөтүү зарыл. Бул ишти негизги эки тармак аркылуу алып баруу максаттуу болот.

3. Жалпы парламенттик механизмдеги тармактык комитеттердин олуттуу ордун эске алуу менен, аталган органдын ишин коомчулуктун өкүлдөрү үчүн жеткиликтүү кылуу аркылуу жакшыртуу керек. Андан тышкары, адамдын негизги укуктары жана эркиндиктерине түздөн-түз байланыштуу мыйзам долбоорлорун парламенттик угуулардан өткөрүү механизмине тактоочу өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү ашыкча болбойт.

**Колдонулган адабияттар**

1. Тайлакова С.Д. Механизм защиты прав человека в Конституции Кыргызской Республики // Российское право: образование, практика, наука, 2015, №2 (86), с. 50-53.

2. Кыргыз Республикасынын Конституциясы: 2021-жылдын 11-апрелиндеги Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 5-майындагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди). – Көрүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112213?cl=ky-kg;

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө: Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 16-ноябрындагы №106 Мыйзамы. – Көрүү режими: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/112437?cl=ky-kg;

4. Рахманов А.Р. Парламент и парламентские фракции Кыргызской Республики в эпоху цифровой трансформации: правовые аспекты вопроса // Актуальные проблемы науки и практики: Гатчинские чтения – 2021: в 2 т.: сборник научных трудов по материалам VIII международной научно-практической конференции (г. Гатчина, 21-22 мая 2021 г.) [под общ. ред. В.Р. Ковалева, Т.О. Бозиева]. – Гатчина: Изд-во ГИЭФПТ, 2021. Т. 1, с. 44-48.

5. Рахманов А.Р. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин парламенттик фракцияларынын ишмердүүлүктөрүнүн конституциялык-укуктук анализи: юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын авторефераты: 12.00.02. – Бишкек, 2023, 28-б.

6. Лихачев С.А. Участие депутатов Государственной Думы Федерального Собрания Российской Федерации в законодательном процессе: дисс. ... канд. юрид. наук. – Москва, 2003, с. 162.

7. Чиркин В.Е. Конституционное право: Россия и зарубежный опыт: Учебник. – Москва, 1998, с. 364.

8. Карыпов Б.К. Роль юридической ответственности как средства повышения уровня правового сознания в демократических режимах // Вестник КНУ, 2023, № 4(116), с. 96-100.

УДК 342.533 (575.2)
DOI 10.58649/1694-8033-2024-2(118)-141-146

**Рахманов А.Р.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ
**Рахманов А.Р.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**Rakhmanov A.R.**
KNU named after J. Balasagyn

# МАМЛЕКЕТ БАШЧЫСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК-УКУКТУК МАКАМЫ: АТА-МЕКЕНДИК ЖАНА ЧЕТ ЭЛДИК ТАЖРЫЙБАНЫН САЛЫШТЫРМАЛУУ-УКУКТУК АНАЛИЗИ

# КОНСТИТУЦИОННО-ПРАВОВОЙ СТАТУС ГЛАВЫ ГОСУДАРСТВА:СРАВНИТЕЛЬНО-ПРАВОВОЙ АНАЛИЗ ОТЕЧЕСТВЕННОЙ И ЗАРУБЕЖНОЙ ПРАКТИКИ

# CONSTITUTIONAL AND LEGAL STATUS OF THE HEAD OF STATE: COMPARATIVE LEGAL ANALYSIS OF DOMESTIC AND FOREIGN PRACTICE